**Мамашарип кызы Багдагүлдүн 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" аттуу темадагы диссертациялык ишине расмий оппонент юридика илимдеринин кандидаты Рахманов Асылбек Рахмановичтин**

**ПИКИРИ**

**1.Изилдөө темасынын актуалдуулугу.**

Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу укуктук мүнөзгө ээ. Кыргыз Республикасы үй-бүлө жана аны менен байланышкан коомдук мамилелерди жөнгө салуу максатында заманбап жана талапка ылайык Үй-бүлө мыйзамдарын жана тиешелүү мыйзамдык актыларды кабыл алып келет. Бирок бүгүнкү күндөгү болуп жаткан үй-бүлөгө байланышкан терс окуялар салттуу кыргыз коомунда да болуп жатышы чындыгында тынчсызданууну пайда кылып жатат. Үй-бүлөлүк мамилелердеги мындай көйгөйлөрдү укуктук деңгээлде чечүүнүн өзү биринчи кезекте конституциялык-укуктук илимдин актуалдуу маселелеринин катарына кирээри талашсыз.

Аткарылган кандидаттык диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөө өз максатына жетүүсү үчүн ата мекендик, чет элдик окумуштуулардын илимий эмгектерине, позицияларына салыштырылып натыйжасында иштелип чыккан теориялык жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар иштелип чыккан. Ошондой эле, үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүүдө изилдөөчү үй-бүлөлүк укуктук мамилелер жаатындагы бардык көйгөйлөрдү, кемчилдиктерди жана артыкчылыктарын теорияга жана практикага таянып, мисалдар менен ачып берген.

Изденүүчү илимий изилдөөсүнүн негизинде көйгөйлөрдү талдап, аныктап, далилдеп берген соң төмөндөгү бир катар мыйзамдарга толуктоолорду киргизүүнү сунуштаган айтсак, КРнын Конституциясынын 19-беренесин 4-бөлүм менен толуктоону сунуштаган.

**2. Диссертацияларга карата коюлган талаптардын алкагындагы илимий натыйжалар.**

Диссертациялык иште юридика илимдеринин өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөндөгүдөй илимий негизделген натыйжалар алынган:

**1-натыйжа.** Изденүүчү илимий ишинде койулган максатка жетүү үчүн окумуштуулардын илимий эмгектерине, көз караштарына сереп салган жана



КНУ им. ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА
ЮРИДИЧЕСКИЙ ИНСТИТУТ
Входящий № 29/3
«20» 01 2025 г.

үй-бүлөлүк укукту камсыз кылган конституциялык-укуктук ченемдерди талдап чыгып конституциялык ченемге автордук аныктамасын берген.

**2-натыйжа.** Изденүүчү улуттук мыйзамдардын негизин конституциялык принциптер менен ченемдер түзөрүн аныктаган. Кыргыз республикасынын Балдар кодексине, келечек муундардын адеп-ахлак тарбиясы аркылуу эл кызматына жараган элдик уулду, коомдук милдеттерди аткарган, Ата-Мекенди сүйгөн, коргогон, адилет эмгек кылган азаматты тарбиялоочу, демократиялык тарбиянын эң негизги милдеттерин аткартууну камтыган жаңы бапты кабыл алууну сунуштайт. Ошондой эле, Үй-бүлө кодексине руханий маданий негиздерди камтыган ченемдер киргизилүүсү зарыл экендигин белгилеген.

**3-натыйжа.** Изденүүчү диссертациялык ишинин объектисин, предметин аларды изилдөөнүн жалпы илимий ыкмалар менен жеке илимий ымаларды комплекстүү колдонуп теориялык жана практикалык материалдарга кеңири талдоо жүргүзгөн.

**4-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлөнүн маанисин ачууда көптөгөн окумуштуулардын позициясын, ой пикирлерин, көз караштарын салыштыруу менен жыйынтык чыгарган. Үй-бүлөлук мамилелердин ар бирине өзүнчө талдоо жүргүзүп, тиешелүү мыйзамдарга толуктоолорду киргизүүнү сунуштаган.

**5-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлөлүк укуктарды коргоонун жана укуктук чара көрүүнүн артыкчылыктарын, кемчилдиктерин жана көйгөйлөрүн аныктаган.

**6-натыйжа.** Изденүүчү диссертациялык изилдөөсүндө үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин тарбиялык функциясын сунуштайт, анткени үй-бүлөлүк укук бузуулар үчүн коркутуу же жазалоо болбоосу керектигин аныктаган. Үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин бир нече максаттарын атап өткөн, ушул максаттарды аткаруу үй-бүлөнүн гармониялуу өнүгүшүнө өбөлгө болот деп эсептеген.

**3. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун ишенимдүүлүгүнүн жана негиздүүлүгүнүн деңгээли.**

**1-натыйжа.** Илимий жыйынтык жаңы, себеби окумуштуулардын илимий эмгектерин жана колдонуудагы конституцияны, мыйзамдарды карап чыгып, үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченемге автордук аныктамасын сунуштаган: *"Үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченем* - бул Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган ченемдердин негизинде түзүлгөн үй-бүлө мамилелерине катышуучулардын

ортосундагы коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турган жүрүм – турум эрежелери".

**2-натыйжа.** Илимий жаңылык, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодексине жаңы глава балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо жөнүндө кабыл алып, анда балдарды адептүү, адилеттүү болуу мамилелерин жөнгө салган укуктук ченемдер каралуусу зарыл экендигин белгилеген.

**3-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, изилдөөнүн методологиясы коомдук жана укуктук кубулуштарды таануунун жалпы илимий методдору менен бирге жеке илимий методдорду комплекстүү колдонууда жатат.

**4-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, Конституциянын 19-беренесине 4-бөлүмдү кирзизүүгө сунушталган "жарандардын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш" деген түшүнүк жаңы.

**5-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, Баш мыйзамдын 19-беренесине жаңы 4-бөлүмүнө: "Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш"деген ченемди киргизүүдө жатат.

**6-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилигинин функцияларын комплекстүү ишке ашыруу гана үй-бүлө менен никенин гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылат. Ал комплекстүү функциялар үй-бүлөлүк укук мамилелеринин конкреттүү субъектилеринин бузулган үй-бүлөлүк укуктарын калыбына келтирбестен, жетишилген натыйжаны *"бекитүүгө"* жардам берет жана калыбына келтирилген, *«жакшыртылган»* үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин мындан аркы иштешин улантууга багытталышы далилденгенде.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирилген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-натыйжа.** Илимий жыйынтык негиздүү, себеби окумуштуулардын илимий эмгектерин жана колдонуудагы конституцияны, мыйзамдарды карап чыгып, үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченемге автордук аныктамасын сунуштаган: *"Үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченем* - бул Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган ченемдердин негизинде түзүлгөн үй-бүлө мамилелерине катышуучулардын ортосундагы коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турган жүрүм – турум эрежелери".

**2-натыйжа.** Илимий жаңылык негиздүү, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодексине жаңы бап балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо жөнүндө кабыл алып, анда балдарды адептүү, адилеттүү болуу мамилелерин жөнгө салган укуктук ченемдер каралуусу зарыл экендигин белгилеп жатат.

**3-натыйжа.** Илимий жаңылыгы ишенимдүү, себеби изилдөөнүн методологиясы коомдук жана укуктук кубулуштарды тaанууну жалпы илимий ыкмалары менен бирге жеке илимий ыкмаларды комплекстүү колдонууда жатат.

**4-натыйжа.** Илимий жаңылык негиздүү, Конституциянын 19-беренесине 4-бөлүмдү кирзизүүгө сунушталган "жарандардын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түүзүүгө тийиш".

**5-натыйжа.** Илимий жаңылыгы нешиздүү, Баш мыйзамдын 19-беренесине жаңы 4-бөлүмүнө: "Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш"деген ченемди киргизүүдө жатат.

**6-натыйжа.** Илимий жаңылыгы негиздүү, анткени үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилигинин функцияларын комплекстүү ишке ашыруу гана үй-бүлө менен никенин гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылат. Ал комплекстүү функциялар үй-бүлөлүк укук мамилелеринин конкреттүү субъектилеринин бузулган үй-бүлөлүк укуктарын калыбына келтирбестен, жетишилген натыйжаны *"бекитүүгө"* жардам берет жана калыбына келтирилген, *«жакшыртылган»* үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин мындан аркы иштешин улантууга багытталышы далилденгенде.

**5. Алынган натыйжалардын ички биримдиги жана тийиштүү актуалдуу көйгөйдү, теориялык жана практикалык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изилдөө ишинин жүрүшүндө алынган негизги натыйжалар иште берилген жоболор, анын негизинде каралган сунуштар ырааттуулугу менен айырмаланат. Илимий иштин темасы боюнча изденүүчүнүн тажрыйбасы анын ой-жүгүртүүсүнө, ишти түзүүдөгү логикалык байланыштарына туура салым кошуп берди. Бөлүмдөрдүн мазмуну максаттуу ички биримдик менен мүнөздөлгөн.

6. **Диссертацияда баяндалган жыйынтыктарды алууга изденүүчүнүн конкреттүү жеке катышуусу**

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын алууда изденүүчүнүн Ош мамлекеттик университетинде Жарандык укук жана процесс кафедрасында бир топ жылдардан бери студенттерге билим берүү менен эмгектенип келет. Профессордук-окутуучулук курамдын катарында эмгектенип келгендигине

2021. № 6 С 112-114. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47219576

9. **Мамашарип кызы Б.** Субъекты семейных правоотношений. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Рецензируемый научный журнал «Тенденции развития науки и образования» №84, Апрель 2022 (Часть 5) С 120-123. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48496944

10. **Мамашарип кызы Б.** Эволюция конституционного закрепления института семьи в период независимости Кыргызстана. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Оригинальные исследования (ОРИС) 2022 №4. https://elibrary.ru/item.asp?id=48546824

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдеринде резюмеси бирдей чагылдырылган.

**9. Диссертациянын мазмуну жана аны жол-жоболоштуруу боюнча эскертүүлөр.**

Диссертациялык изилдөөдө Мамашарип кызы Б. тарабынан жеке тажрыйбасына басым жасалып, илимий деңгээлде өз алдынча аткарылган жана аягына чыгарылган илимий-изилдөөчүлүк болуп саналат. Диссертациялык иш менен таанышуу учурунда изденүүчүнүн үй-бүлөнүн эмгекке жарамсыз жардамга муктаж үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары кеңири, терең чагылдырууну сунуш иретинде айтып кетем.

**10. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окмуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө" Жобосуна (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ №12 Жарлыгы) ылайык келиши.**

Жалпысынан алганда Мамашарип кызы Багдагүлдүн илимий изилдөө иши, 12.00.02 – конституциялык укук, муниципилдык укук адистигине ылайык келет жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окмуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө" Жобосуна ылайык келет (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ №12 Жарлыгы) жана илимий иштерге карата коюлган бардык талаптарга толук жооп берет.

**11. Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча сунуштар.**

Диссератциялык изилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылган жана илимдин тийиштүү тармагы үчүн олутуу мааниге ээ болгон иш катары

кароого болот. Илимий иш конституциялык укук илиминин өнүгүшүнө кошкон жеке салымы катары кароого болот.

Жогорудагы маалыматтарга ылайык, Мамашарип кызы Багдагүл 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга татыктуу деп белгилейм.

**Оппонент,**
**юридика илимдеринин кандидаты** ________________ **Рахманов А.Р.**

*Кол тамгасы тастыкталат:*
Сектор башчы ________________ А. Эшмбаева